1.5.2. Ведомстволорго же турак жай-курулуш кооперативдерге таандык көп батирлүү үйлөр үчүн-тышкы суутүтүк-канализациялык тармактарынын өткөрүү актына ылайык-турак жай үйдүн (турак жай үйлөрдүн тобу) борбордук суу түтүк-канализациялык тармактарга туташтыруу точкасында.

1.5.3. Жеке үйлөр үчүн шаардык суу түтүк-канализациялык тармактардагы кудуктарда канализацияны туташтыруу жана (же) суу түтүгүн киргизүү орду. Суу түтүктөрү кошулган жерден жана кудуктагы жөнгө салуучу арматурадан тартып абоненттин менчиги болуп эсептелет.

1.5.4.Борборлошкон суу камсыздоо жана канализация системасынын калган колдонуучулары үчүн – суу түтүк-канализациялык тармактын объектисин (ишканасын,имаратын,курулманын) колдонуусун кабыл алуу актына ылайык.

1.6. Жер астындагы суунун кирдешинин алдын алуу үчүн Кеңеш, Буденовка, Д.Курманалиев айылдарында өз алдынча бургулоого (30 метрден төмөн) жана колдонууга тыюу салынат.

1.7. Коммуналдык канализациялык тармакка бурулуу жана тазалануу үчүн өнөр жай ишканалардан түшкөн агым суулар ПДК жана ПДС талаптарына жооп бериши керек. Эгер агын суулар көрсөтүлгөн талаптарга жооп бербесе , мындай учурда тазалоо же алдын ала тазалоону ишканага таандык тазалоо курулмасында ишке ашырат.

Өндүрүштүк агым суулардын борбордук канализацияга кабыл алынышы “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММнын уруксаты менен коюлат.

1.8. Суу түтүк-канализациялык тармактардын жана курулмалардын жанындагы жер иштерин өндүрүүдө иштерди өндүрүүчү курулмалардын жана тармактардын сакталгандыгын кепилдеп жана сактыкты сактоо зарыл. Иштерди өндүрүүчү же курулуп жаткан объектинин ээсинин ыйгарым укуктуу өкүлү объектинин курулушунун башталышы жөнүндө “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ билдириш керек жана жер иштеринин өндүрүшү башталганга чейин жер астындагы коммуникацияларды көрсөтүү үчүн “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММнин өкүлү чакыртылат.

1.9. Суу түтүгүн өчүрүүгө байланыштуу курулуш иштерин аткарууда “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИнин койгон убактысы боюнча иштерди өндүрүү зарыл.

## 2. КОММУНАЛДЫК СУУ КАМСЫЗДОО ЖАНА КАНАЛИЗАЦИЯ СИСТЕМАЛАРЫНА СУУ КЕРЕКТӨӨ ОБЪЕКТТЕРИН КОШУУ

2.1. Суу керектөө объекттеринин кошулуу ирети жана техникалык шарттар.